# КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНИН БҮГҮНКҮСҮ ЖАНА ЭРТЕҢКИСИ ЖӨНҮНДӨ

**Академик. Б. ОРУЗБАЕВА**
Кыргыз Республикасынын
Илимдер улуттук академиясынын

Кыргызстан байыркы доорлордо эгедер болгон боштондугунан, өз алдынча мамлекет болуу макамынан ажырап, дагы биртоп кылымдарды башынан кечиргенден кийин ушул аяктап кеткен 20—кылымдын акыркы он жылдыгынын (1991ж) башында кайрадан уламышта айтылып жүүргөн "феникс" кушундай болуп, бир кезде өчүп калган оту жанып, тарых бетинен эки кылымдын тоголушунда кайрадан өз алдынчалыкка ээ болуп, өз алдынча өзүнүн жаңы ордун ээлеп, мамлекеттүүлүктүн өргөөсүн көтөрүп отурат.

Мындай окуя түрк дүйнөсүндөгү мурдагы СССРдин курамына кирген бизден башка дагы 4 өлкөдө ишке ашып, алардын ортосунда өз ара байланыш, түрдүү пландагы алакалар күч ала баштады.

Ар бир окуянын башы менен аягы, ийгилиги менен мүчүлүштүктөрү катар жүрүшү табигый көрүнүш. Ошондуктан жаңырган турмуш, анын арабасы да акырын кылдырап алдыга (келечеке) өзүнүн чийирин салууда. Учурдун дагы бир өзгөчөлүгү — турмуштун татаал жана көп кырдуулугунда, ага байланыштуу коом менен коом мүчөлөрүнүн ортосунда, улуттар арасында, саясий көз караштарда, экономикада, маданий дөөлөттөрдү баалап—барыктоодо көз караштар өтө эле ар түдүү болууда. Анын үстүнө, бир эле жамаат ичинде да түркүн көз караштар өкүм сүрө бериши кадыресе нерсе экендигин эч ким тана албайт эмеспи.

Ошентип, акыркы он жылга көз чаптырсак — бул мезгил байыркы элибиздин тарыхында анын жаңы барагынын алгачкы гана бети.

Ал барак, жаңы Мамлекетибиз куралып, алгачкы эле кадам шилтөөсүндө, биздин оюбузча, төмөнкүдөй негизги жалпы милдеттерди алдыга коюу менен ачылды окшойт. Башкача айтканда, бул кыска мезгил ичинде саясатта:

1. Мамлекеттик түзүлүштү демократиялаштыруу максатынын коюлушу;

2. Коомдук мамилелерде ар бир адамдын керт башынын кызыкчылыгын баалап—барктап, ага кам көрүүгө багытталган мыйзамдарды иштеп чыгып, аларды урунуу;

3. Тарыхый дөөлөттөрдү — нукура улуттук салт—адеттерди туура баалап, аларды жаңыланган доордун талаптарына айкалыштыра, туура пайдаланып, өнүктүрүү;

4. Элибиздин улуттук өздүк дымагынын калыбына келип, өркүндөшүнө түрткү болуучу дөөлөттөрдү жандандыруу;

5. Эне тилди толук маанисинде баалап, анын этностук өз алдынчалыкты аныктоочу негизги жана бирден бир курал, байыртан этностун өзү менен бирге жаралган коомдук кубулуш, жамааттын жашоосунун бардык чөйлөрүн кыймылга келтирип туруучу курал экендигин эске тутуп, анын тагдырына, келечегине камкордук көрүү.

Төмөндө мен өз кесибиме тиешелүү маселелерден жаңырган коомдогу тил маселеси, анын жогоруда (б. а. 5 пунктта) саналгандай ролу, буга карата көрүлгөн чаралар жөнүндө сөз козгомокчумун.

Бул маселелерге токтолуудан мурда кээ бир өткөн—кеткен окуяларга, болгондо да 20—кылымдын 1—чейрегинин акырынан (б. а. 20 жылдардан) баштап, 1980—жылдардын аягына чейинки 60 жылдын ичинде эне тилибиз кыргыз коомунда кандай милдеттерди аркалады деген суроолорго учкай көз чаптырууга туура келет.

1924—1928 жылдары араб алфавитин реформалоонуп негизинде түзүлгөн (Э. Арабаев, К. Тыныстанов, Х. Карасаев) жазуудан пайдаланып, алгачкы окуу куралдарын, газета, басма сөздүн туундуларынан болгон айрым басылмаларды (алгачкы окуу китептерди, "Эркин—Тоо" газетасын) чыгарып, калктын сабатсыздыгын жойдуруу аракеттери ишке ашырылып, жаңы заманда аренага келген жазма адабий тилибиздин пайдубалына негиз салына баштаган мезгил.

1928—1940 ж. — жазуу системабызды латын алфавитине өткөрүп, анын негизинде окутуу жана басма иштерин улантуу менен жазуу эрежелерин тартипке келтирүү, илимий терминология системаларынын айрымдарынын негиздерин түзүү (К. Тыныстанов) жана алгачкы эне тил боюнча окуу китептерин иштеп чыгууга (Э. Арабаев, К. Тыныстанов, К. Карасаев, Т. Байжиев, З. Бектенов, А. Идирисов ж.б.) киришүүнүн натыйжасында эне тил изилдөөчү алгачкы илимпоздордун ишмердиктерине чыйыр салына баштайт.

1940 — жылы эне тилдин жазуу системасы кайрадан өзгөрүп, кириллицага негизделген жаңы алфавит пайда болот.

Мурда кылымдар бою кат сабатсыз болуп келген калктын калың катмары үчүн бар болгону 15 жылдын ичинде үч түрдүү алфавитке негизделген жазуу системаларын өздөштүрүү кыйла кыйынчылыкка турган. Чындап келгенде, андай "жазуу революцияларын" баштан кечирүүгө турмуштук зарылчылык деле болгон эмес. Кептин бардыгы совет бийлигинин бардык салааларында ишке ашырыла баштаган бир жактуу, идеологиялаштырылган саясаттын талаптарына жооп катары жазуу системаларына да ушундайча багыт берилип, ал кыйшаюусуз аткарылып турган.

Бирок, ошого карабай, 1940—жылдарда дээрлик толук отурукташып, мектептердин саны шаарларда арбып, ал тургай бардык айыл—кыштактарда да ачылып, калктын сабаттуулугу эгебейсиз жогорулайт.

1921—1945 жана 1950—1980 жылдар аралыгында Ата—Мекендик Улуу согуш жылдарында гана кыйла сээлдөө болгонуна карабай, согуш аяктагандан тартып, 80—ж. акырына чейин кыргыз тил илимине кадимкидей негиз салынып, анын негизги тармактары калыптанып, тилибиздин грамматикалык түзүлүшү (фонетика, морфология, синтаксис), сөз байлыгы, диалектилери ар тараптуу изилденип, ал эмес кыргыз тилчилери жалпы түркология, анын ичинде байыркы түрк эстеликтери боюнча да ири жана терең илимий мазмундагы изилдөөлөрдү жарата алышкан.

Бул процесс болгондо да тил илими боюнча 1950 жылда өткөрүлгөн бүткүл союздук дискуссиядан кийин өзгөчө күч алган. Мындай жетишкендиктердин негизги өбөлгөлөрүнөн болуп, Кыргыз Өкмөтүнүн (БАК менен Эл Комиссарлар Совети эне тилди пайдалануу, анын колдонулуу алкагын кеңейтүү боюнча көргөн

чаралары[1]) 1930 ж. башынан тарта, Республикада жогорку жана атайын орто окуу жайларынын ачыла башташы, аларда мектептер үчүн эне тил менен адабият боюнча мугалимдер даярдалышы, ошолордун арасынан акырындап тил проблемаларын изилдөөчүлөрүнүн өсүп чыгышы кадимкидей өбөлгө боло алды. Ошентип, тил илимине негиз болгон кыргыз тили боюнча тажрыйбалуу, сырттан келген илимпоздор (Е. Д. Поливанов, К. К. Юдахин, И. А. Батманов) менен кол кармашып, алардын жөлөк—таягы менен өз арабыздан да мыкты улуттук кадрлар өсүп чыкты (Х. Карасаев, Б. Юнусалиев, К. Сартбаев, Ж. Шүкүров, Б. Орузбаева, С. Кудайбергенов, Г. Бакинова, Ж. Мукамбаев, А. Жапаров, А. Иманов, Т. Ахматов, С. Давлетов, К. Дыйканов, М. Мураталиев, А. Турсунов, Э. Абдулдаев ж.б.).

Ошону менен катар, эне тилдин изилденүү, жазма адабий тилдин нормалары, тил маданиятынын көп кырдуу проблемалары, аны басма сөз, радио—теле, театр сценалары менен кинодубляжда, жогорку окуу жайларынын филология адистигине даярдоочу бөлүмдөрүндө пайдаланууга байланыштуу улам жаңы кырдаалдар туула берип, аларга илимий— теориялык середен туруп туура баа берүү барган сайын көптөгөн жаңы маселелерди жаратты.

Аларга кошул—ташыл болуп, көп улуттуу Кыргызстандын шартында башка этностордун тилдеринин, өзгөчө орус тилинин колдонулуу алкагынын кеңейиши дагы кошумча жаңы проблемаларды, болгондо да айрым учурда негативдүү кырдаалдарды пайда кылды:

1. Орус тили коомдук турмушта барган сайын кеңири орун алып, анын таасири күчөшү менен эне тилдин катнаш куралдык милдетине доо кете баштады (колдонулуу алкагы кыйла тарып кетти);

---

[1] Мисалы, аталган мамлекеттик мекемелер 1928 жылдын 3—мартында «Кыргыз АССРинде аппаратты улутташтыруу жөнүндө» аттуу Токтом кабыл алып, анда өкмөт аппаратынын ишин калайык—калкка жакындаштыруу иштерин ургаалдаштыруу максатында: Өкмөттүн бардык токтом, көрсөтмө, директивдерин кыргыз жана орус тилдеринде басып чыгарып туруу; ошондой эле милдетти бардык бийлик вертикалдары үчүн милдеттүү деп эсептөө; Агартуу эл комиссариатына 3 ай ичине иш жүргүзүү, эсеп—кысап, отчет документтерин кыргыздаштыруу үчүн алар боюнча терминология иштелип чыгып, басмадан чыгаруу; ошондой эле ал иштердин формаларын кыргызчалатууну камсыз кылуу, иш кагаздарын эки тилде катар жүргүзүлүүчү мекемелердин санын аныктоо; европалык кызматчы жана ишкер адамдарга кыргыз тилин үйрөтүүчү курстарды ачуу, аны мыкты өздөштүрүп кеткендерине иш орундарында артыкчылык берип, өзгөчө (кошумча) сыйлыктар берип туруу бул мамлекеттик жоопту милдетти өз убагында ийгиликтүү аткарууну кечеңдеткен же үзгүлтүккө учуратканарды жоопкерчиликке тартуу белгиленип, Токтом 1928 ж. 9—мартта «Советская Киргизия» жана «Кызыл Кыргызстан» газеталарына жарыяланган.

2. Көп кыргыздар, болгондо да көбүнчө жаш муундар кош тилдүү болууга жетишип, ал тургай алардын кыйласы өз эне тилинен (түрдүү объективдүү жана субъективдүү кырдаалдарга байланыштуу) ажырап калуу абалына да дуушарланышты;

3. Кадыресе процесстердин бири катары бу жерде тилдер аралык (көбүнчө орус тилинин кыргыз тилине) таасирлер жөнүндө айта кетпесек да болбойт. Мындай таасирдин өзгөчөлүгү — жазма тилдин лексикасы арбыды, ошону менен катар — кыйла эле аша чапкандыкка да дуушарланды.

Натыйжада, бир жагынан жазма тил менен оозеки тилдин ортосунда стилдик, терминологиялык жана грамматикалык ажырымдардын кыйла көрүнүштөрү пайда болду. Буга орусчадан кыргызчага котормо иштеринин кеңири кулач жайышы, оозеки тилде айрым адамдардын билсе — билбесе да орус—кыргыз жаргонунда сүйлөө илдети, терминдерди өздөштүрүүдө аша чабуучулук, сөз айкаштарын которууда тике калькалоо ыкмасын колдонуу сыяктуу терс көрүнүштөр себепчи болду.

Ал эми кыргыз тил илиминин өзү болсо, бул мезгилдерден тартып дүйнөлүк түркологияда, кала берсе жалпы тил илиминин теориялык айрым проблемалары боюнча салыштырылып иликтөө алкагына тартылып, көбүнчө кыргыз түркологдору эне тил кубулуштарын жаңы илимий көз караштардан талдоого алууга аракеттене башташты.

Ошентип, кыргыз тил илими уламдан улам тереңдеп, жаңы эмгектер менен толукталып келет. Бул жагдайда Б. М. Юнусалиевдин кеңири салыштырмалуу планда изилденилген лексикология жана диалектология боюнча эмгектери, сөз жасоо, уңгунун теориясы жана грамматика боюнча (Б. Орузбаева, К. Сартбаев, С. Кудайбергенов), синтаксис маселелеринде (М. Мураталиев, А. Жапаров, А. Иманов, А. Турсунов ж.б.) эмгектерин, К. К. Юдахин жана Х. Карасаев, Э. Абдулдаевдердин лексикография (сөздүк) боюнча, И. А. Батманов башында турган изилдөөчүлөр тобунун байыркы түрк эстеликтери боюнча иликтөөлөрү менен табылгаларын, ошондой эле Ч. Жумагуловдун ондогон жылдарга созулган аракети менен жергебизде түркологиянын бир канаты — эпиграфика илимине негиз салынып, калыптанышы кыргыз тил илиминин белгилүү өлчөмдө теориялык деңгээлинин жогорулашына, демек кыргыз түркологдорунун жалпы түркологияга бараандуу салым кошконунан кабар берет.

Жаңы мезгилде болсо түрдүү экономикалык кыйынчылыктарга карабай, белгилүү тилчи — окумуштуу улуу чыгыш таануучулары Г. Д. Санжеев менен И. А. Батмановдун шакирти филология илимдеринин кандидаты Сагаалы Сыдыковдун атактуу жердешибиз Юсуф Хасхажиб Баласагундун «Кутадгу билигин» азыркы кыргыз тилине которуп, ал өзүнүн эмгегин аталган чыгарманын буга чейинки жарыяланган немисче, түркчө, өзбекче варианттары (Радлов, Арат, Каримов) менен коштоп, кеңири комментарий жана көлөмдүү илимий баш сөз менен жабдылган эмгегин жаратты. Өкүнүчтүүсү — учурдагы каражат кысталыштыгына байланыштуу бул баалуу эмгек азырынча басмага тапшырыла элек.

Ошентип, жогорудагы кыскача обзор кыргыз тил илиминен жалпыланган жана учкай гана кабар берет. Анын үстүнө бул жерде тилибиздин жогорку жана орто билим берүү менен катар басма сөздө кеңири колдонулуп калгандыгына байланыштуу ондогон окуу куралдары, методикалык иликтөөлөр, баяндама жана салыштырма планда аткарылган эмгектер, окуу—методикалык жана тармактык сөздүктөр жөнүндө атайы кеп козгогон жокпуз.

Ошондой болсо да, өткөн 70 жылга салыштырганда кийинки 10 жылдыкта (1990—2000) эне тилдин колдонулуу алкагы кайрадан кыйла кеңейди. Бул кырдаалга байланыштуу анын тажырыйбалык (прагматикалык) канаты орчундуу өзгөрүүлөргө дуушарландыгы эне тилибизге «мамлекеттик тил» статусунун берилиши менен (23. 09. 1989) түздөн—түз байланыштуу.

Бул «Мыйзам» кабыл алынуу менен: 1) мамлекеттик тилдин өлкөдөгү коомдук жашоо чөйрөлөрүнүн бардыгында (б. а. башкаруу, иш жүргүзүү, окутуп билим берүү, басма сөз жана байланыш—информация каражаттарында, укук коргоо жана сот органдарында, граждандык абалды каттоо жана жер—суу, мекеме, ишканаларды атоо ж.б.) пайдалануу мыйзам чегинде кеңип, кыйла чараларды иштеп чыгуу менен коштолду.

«Мыйзам» кабыл алынган алгачкы жылдары эле (1989—90 ж.ж.) илимий мекемелерде (тактап айтканда Илимдер улуттук академиясында) «Комплекстүү программалар» иштелип чыгып, алар ошол кездеги Кыргызстан Өкмөтү тарабынан бекитилип, аны камсыздоо Каржылоо министрлиги тарабынан акча каражаттарын бөлүп берүү менен коштолуп, 1990—1993 ж.ж. чейин кыйла өлчөмдө финансыланды.

Мамлекеттик тилди жайылтуунун айкын чаралары катары жогорку окуу жайлары менен мектептерди тиешелүү окуу куралдары менен камсыздоо, жаңы окуу программаларын иштеп чыгуу боюнча айрым иштер колго алынуунун натыйжасында кээ бир окуу китептери, айрым жаңы илимий монографиялар жарык көрүп, кыргыз тил илиминин кээ бир актуалдуу проблемаларын терендете изилдөөгө жетише алдык: сөз курамынын теориясын андан ары талдап изилдөө, текстология, синтаксистин айрым теориялык жана окутуу ыкмаларына байланыштуу маселелери жана стилистика, салыштырма типология боюнча изилдөөлөр ишке ашырылып, 10 докторлук (А. Турсунов, А. Иманов, Б. Усубалиев, Б. Тойчубекова, Ж. Сыдыков, А. Осмонкулов, Т. Садыков, Б. Өмүралиев, С. Өмүралиева, К. Зулпукаров) жана он чакты кандидаттык диссертация корголду.

Кийинки он жылдын аралыгындагы кыргыз филологиясындагы илимий илгерилештин дагы бир маанилүү көрүнүшү катары анын өкүлдөрүнүн Түркия мамлекетинин түрк тил жана адабиятын биргелешип изилдөө маселелеринин күч алышына байланыштуу түрк окумуштуулары менен жакындан мамиле түзүү ишин өзгөчө бөлүп көрсөтүп, муну мындан ары да терендетүү сыяктуу иштерди татыктуу көрүнүш десек жаңылышпайбыз.

Кыргыз тил илиминдеги дагы бир бараандуу окуя — анын байыркы замандагы тилдик өзгөчөлүктөрү атайы теориялык планда изилдене баштashы (Э. Р. Тенишев — РАНдын академиги; «Древнекыргызский язык», Бишкек, «Кыргызстан», 1997). Бул проблеманы изилдөөсүн аталган автор дагы эле улантууда. Кыргыз тил илиминин тарыхый мезгили мындан башка изилдөөчүлөр тарабынан да (Ү. Асаналиев, Ж. Жусаев), ошондой эле айрым илимий ишмерлердин (К. Тыныстанов, К. К. Юдахин, Х. Карасаев ж.б.) салымдары тууралуу да (А. Абдыкалыкова, Б. Жапарова, Ж. Тойчуева, М. Кошуева) атайын изилдөөлөрдү аткарып жатышат.

Ошондой болсо да, эне тил илим салаасында дагы көп—көп актуалдуу маселелерди изилдөө тиешелүү деңгээлде колго алынбай кала берүүдө. Анын негизги себептери — ИУАнын Тил илимдер институтунун ишмердигинде орчундуу жылыштардын жоктугу, айрым жогорку окуу жайларындагы кафедралардын өз ара байланыштарынын солгун боюнча кала бериши, тил илиминин урунт маселелеринин тегерегинде дискуссия, талкууларды жандандырууга моюн жар бербөөчүлүк, мурда бүткөн иштерди жаңыртып электен

өткөрүп, басмадан чыгарууга каражаттын жетишсиздиги көп маселелердин чечилишин кечендетип келүүдө.

Ага кошумча, орто мектептер үчүн алардын бардык класстары боюнча жаңы окуу китептери толук иштелип чыгып, жаңыртыла элек, жазуу эрежелеринин жаңы вариантын бекитип, колдонууга сунуш кылуу Жогорку Кеңеш тарабынан 10 жылдан бери каралбай кала берүүдө.

Алдыда аткарылуучу кечиктирилгис милдеттер катары: жазуу системасын кайрадан латын алфавитине көчүрүү маселеси боюнча анын зарылчылыгы же зарыл эместиги жөнүндөгү маселе мамлекеттик масштабда кеңири пикир алышып, чечилүүгө муктаж.

Тил практикасында мыйзамдаштырылган «мамлекеттик тил» жана «расмий тил» түшүнүктөрү илимий–теориялык жана терминологиялык жагынан такталып, алардын келечек тагдырлары, колдонулуу алкагы изилденип, адистик середен өздөрүнүн аныктамасына ээ болууга тийиш. Ошону менен катар социолингвистикада жаңыдан пайда болгон көп тилдүүлүктүн багыттары жана объектиси ар тараптуу изилденүүгө тартылышы керек.

Илимий–теориялык планда эне тилди дагы терендетип изилдөө дүйнөлүк лингвистикада жаралып жаткан жаңы агымдар менен байланышта каралуу жагына кам көрүлүп, ал иштерди алып кетүүгө жөндөмдүү жаш кадрларды даярдоо биринчи планга чыгуу керек. Бул аракет ИУАнын курамындагы Тил илимдер институтунун ишине жетекчилик кылуу принциптерин түп тамырынан бери жаңыча уюштурууга түздөн–түз байланыштуу.

Келечекте улантылуучу проблемалардан биринчи катарга:

1. Илимий грамматиканын проблемаларын жаңыртып иштөө;

2. Эне тилдин тарыхын (анын тарыхый грамматикасын) жана диалектология проблемасын жаңыртып изилдөө колго алынышы керек;

3. 1960–2000 ж. аралыгында адабий тилде жаралган бардык басма булактарынын лексикасы эсепке алынып, сөздүк картотекасы жаңыртылмайынча фундаменталдуу сөздүктөрдү (түшүндүрмө, кош тилдүү жана тармактык) жаңы сөздүктөрдү түзүүнү колго алуу мүмкүн эмес. Бул маселеде 21–кылымдын негизги өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү нерсе – информация жана коммуникация технологияларынын

мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдаланып, аларды изилдөөлөрдүн иштиктүү куралдарына айландырууга көнүгүү маселеси алдыда турган башка милдеттерден[2].

4. Тил илими жаатындагы жетишкендиктер, жалпы эле бул илимдин мазмуну адистештирилген окуу жайларында канчалык толук жана терендетилип окутулуп жаткандыгына кызыгып көрүү да илимий мекеменин кечиктирилбес камкордуктарынын бирөө болуш керек!

Ал гана эмес, жогорку окуу жайларында тил илими боюнча адистештирилген илимий курстардын тизмеси, саат өлчөмү, алардагы өз ара байланыштар ж.б. толгон—токой маселелер Кыргыз Республикасынын Билим жана манадият министрлиги, университеттерин окуу бөлүмдөрү жана ИУАнын Тил илимдер институту менен бирдикте иштелип чыгып, практикага сунушталышы өтө зарыл. Ошондо ар бир окуу курсунун негизги жана кошумча окуу куралдары, алардын жаңы программалары (демек аларды жаңыртып бастырып чыгуу же жаңыдан түзүү) маселелери такталып чыкмакчы.

[2] Буга алгачкы саамалык мисалдардын бири катары 2001 жылдын 27—28 февралында Бишкекте өткөн «Информация жана коммуникация технологиялары өнүгүү үчүн» аттуу I Улуттук Саммитте «Кыргызстанда мамлекеттик тилди компьютерлештирүү долбоору» деген докладда (аткаруучу ИУАнын корр.—мүчөсү П. С. Панков, илимий консультант академик Б. О. Орузбаева) аталган маселе боюнча алгачкы кадамдар баяндалып, Саммиттин катышуучуларынын арасында кыйла кызыгуу пайда кылды.